*1-тиркеме*

# "Мен кыялым үчүн топтойм" акциясынын эрежелери

## 1. Жалпы жоболор:

1.1. Бул өткөрүлө турган акция шыктандыруу лотереясы эмес жана Кыргызстандын жаштарын (студенттерин) алардын максаттарына жетүүсүн колдоого багытталган.
1.2. Жеңүүчү ушул Эрежелерде көрсөтүлгөн шарттардын аткарылышына жараша аныкталат. Жеңүүчү туш келүү ыкмасы менен аныкталбайт (жеңүүчүнү туш келүү менен тандаган алгоритм колдонулбайт).
1.3. Акциянын уюштуруучусу - "Элдик Банк" ААК.

## 2. Акциянын максаты:

2.1. Кыргызстандын жаштарына – студенттерине алардын кыялдарынын орундалышы жана максаттарына жетүүсү боюнча колдоо көрсөтүү.

## 3. Акцияны өткөрүү мөөнөтү:

3.1. Акция 2026-жылдын 10-февралынан тартып 10-ноябрына чейинки мезгил аралыгында 3 (үч) этап менен өткөрүлөт.

- 1-этап - 2026-жылдын 10-февралынан тартып 10-майына чейин.
- 1-этап - 2026-жылдын 10-майынан тартып 10-августуна чейин.
- 1-этап - 2026-жылдын 10-августунан тартып 10-ноябрына чейин.

## 4. Акциянын катышуучулары

4.1. Студенттер же студенттер тобу, Кыргыз Республикасынын жарандары;
4.2. Катышуучулардын жаш курагы - 17 жаштан 22 жашка чейинкилерди кошо алганда.

## 5. Акцияга катышуу шарттары:

Катышуучу төмөнкүлөрдү аткарууга милдеттүү:

5.1. "Элдик Банк" ААКда жеке адам катары банк эсебин ачууга жана Eldik***** мобилдүү банкингге туташууга******.
5.2. Акция жүргүзүлүп жаткан учурда долбоорду ишке ашыруунун бир этабында (1, 2, 3) "Элдик Банк" эсебинде кеминде 3000 (үч миң) сом акча топтоого;
5.3. Видеоролик тартып, анда буларды камтуу зарыл;
• өзүнүн долбоору тууралуу айтып берүү (презентация);
• долбоорду ишке ашыруунун ушул этабында эмне жасалганын баяндап берүү;

• долбоордун максатын, баалуулугун, маанисин жана күтүлүп жаткан таасирин айтып берүү;
• видеону Инстаграм баракчасына **#ЭлдикБакмененкыялдан** хештеги менен жайгаштыруу жана Банкты (@eldikbank_kg) белгилөө;

**Эгерде, акцияга студенттердин тобу катышып жаткан болсо, анда команда акча топтоо үчүн эсеп кимдин атына ачыла турган адамды өз алдынча аныктайт.*

*** Eldik мобилдик тиркемесин туташтыруу үчүн аны App Store же Play Marketmen жүктөп алыңыз. Тиркемени ачып, «Тиркемеде катталуу» баскычын басыңыз. Телефон номериңизди жана ПИНди - ID паспортунун арткы бетинде көрсөтүлгөн 14 орундуу жеке идентификациялык номурду - киргизиңиз. Сунушталган сүрөттөгү текстти киргизиңиз. Көрсөткөн телефон номериңизге код камтылган СМС келет. Аны тиешелүү талаага киргизип, «Тастыктоо» баскычын басыңыз. Берилген документтер менен таанышып, макулдугуңузду ырастоо үчүн белгилерди коюп, «Улантуу» баскычын басыңыз. Документтерге кол коюу үчүн СМСтен келген кодду киргизиңиз. Каттоону аяктоо үчүн онлайн-идентификациядан өтүп, паспортуңузду эки тарабын тең сүрөткө тартыңыз. Киргизилген маалыматтардын тууралыгын текшериңиз. Андан соң инсанды тастыктоо үчүн экрандагы овалдын ортосуна жүзүңүздү жайгаштырыңыз. Коопсуздук талаптарына ылайык жаңы сырсөз ойлоп таап, киргизип, аны ырастаңыз. Тиркемеге ыңгайлуу кирүү үчүн тез жетүү кодун түзүңүз.*

## 6. Долбоорлорго карата талаптар

6.1. Төмөнкүлөргө багытталган долбоорлор кабыл алынат:
• чыгармачылыкты, маданиятты, билим берүүнү жана инновацияны өнүктүрүүгө;
• жарандык катышууну жогорулатууга жана социалдык жактан маанилүү демилгелерди ишке ашырууга;
• экологиялык, спорттук жана ыктыярчылык долбоорлору;
• жаштар медиасын өнүктүрүүгө жана илимди жайылтууга.

## 7. "Элдик Банк" ААКнун каражаттарынын эсебинен Акциянын байге бюджети:

| Этаптар | Байгелер, сом | Жеңүүчүлөрдүн саны | Жалпы, сом |
|---|---|---|---|
| 1-этап | 100 000 | 3 | 300 000 |
| 2-этап | 100 000 | 3 | 300 000 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3-этап | 100 000 | 4 | 400 000 |
| **Жыйынтыгы** | | **10** | **1 000 000** |

**8. Сыйлыктарды тапшыруу:**

8.1. Ар бир этап аяктагандан кийин жыйынтыктар чыгарылып, сыйлыктар тапшырылат.

**9. Жеңүүчүлөрдү аныктоо:**

9.1. Акциянын жыйынтыгы боюнча 10 жеңүүчү аныкталат;

9.2. Жеңүүчүлөр Банктан долбоорду ишке ашыруу үчүн 100 000 (жүз миң) сом өлчөмүндө биргелешкен каржылоону алышат;

9.3. Акчалай каражаттар Элдик Банкта ачылган Жеңүүчүнүн эсептик эсебине которулат.

**10. Жеңүүчүлөрдү аныктоонун жыйынтыктары:**

10.1. Жеңүүчүлөрдү Комиссия аныктайт, анын курамында булар болот: Банктын өкүлдөрү, ЖМКдан бир өкүл –"Акчабар" ЖЧКсынын башкы директору Луиза Мамбетова жана Банктын эки элчиси – Данияр Болотбеков жана Асел Дүйшөнова;

10.2. Акциянын жеңүүчүлөрүнүн курамы Комиссиянын отурумунун чечими менен бекитилет;

10.3. Акциянын жеңүүчүлөрү жөнүндө маалымат Банктын www.eldik.kg веб-сайтына жайгаштырылат;

10.4. Банк жеңүүчүлөргө Акциянын жыйынтыктары жана байгелерди тапшыруу аземинин күнү жөнүндө алар өздөрүнүн видеороликтерин жайгаштырган социалдык тармактардагы жеке билдирүүлөр аркылуу түздөн-түз кабарлайт;

10.5. Акцияга катышкан учурдан тартып, видеоролик жайгаштырган Катышуучунун аккаунту көрүү жана баалоо үчүн жалпыга жеткиликтүү болууга тийиш;

10.6. Эгерде Катышуучу байланышта болбой калса, ушуга байланыштуу бул жеңүүчүгө өз убагында кабарланбай калса, Банк мындай учурда жоопкерчилик тартпайт;

10.7. Эгерде Катышуучуга анын Акциядагы жеңиши жөнүндө Жеңүүчүнүн өзүнүн күнөөсүнөн улам кабарлоого мүмкүн болбой калса же жеңүүчү жеңүүчүгө Акциянын жыйынтыктары жөнүндө кабарланган жана жыйынтыктар Банктын веб-сайтында жайгаштырылган күндөн тартып 10 календардык күндүн ичинде келбесе, анда ушул Акциянын жеңүүчүсү катары башка Катышуучу таанылат.

10.8. Эгерде, шарттарга кандайдыр бир өзгөртүүлөр же толуктоолор киргизилсе же Акцияны токтото туруу жөнүндө чечим кабыл алынса, Катышуучулар Банктын www.eldik.kg корпоративдик сайтына бул тууралуу жайгаштырылган маалымат аркылуу кабардар болушат.

## 11. Байгелерди алуу шарттары:

11.1. Сыйлыктарды салтанаттуу тапшыруу:

- ар бир этап аяктагандан тартып 45 күнгө чейин жүргүзүлөт.

11.2. Комиссия тарабынан кабыл алынган Акциянын жыйынтыктары боюнча чечим бардык Катышуучулар үчүн акыркы болуп саналат жана даттанууга жатпайт.
11.3. Бул Эрежелер, ошондой эле аларга киргизилген өзгөртүүлөр Банктын www.eldik.kg сайтында жайгаштырылат.

## 12. Катышуу эмне берет

12.1. Акцияга катышуу менен төмөнкүлөрдү алууга болот:
• жеке идеяларды ишке ашыруу үчүн каржылык колдоону;
• долбоорду иштеп чыгуу жана жайылтуу тажрыйбасын;
• Пайдалуу көндүмдөрдү;
• Ири масштабдуу долбоорго катышуу менен кейстерди толуктоону.